**5.2 Негизги кесиптик билим берүү программасынын өздөштүрүүдөн күтүлгөн (пландалган) натыйжалар**

**ОКН1**: Медициналык иш кагаздарын мамлекеттик тилде сабаттуу түзөт, тилдерди социалдык деңгээлинде колдонот.

ОКН1 = ЖК1

| | |
|---|---|
| **ЖК-1:** | Эл алдында баяндама жасайт; өз кебинин стилин, түрүн тандайт жана аны баяндайт, өз пикирин жазма-оозеки формада туура, так билдирет жана далилдейт, изилдөөнүн жыйынтыктарын кесиптик чөйрөдө кыргыз, орус жана чет тилдеринде алып чыгат. |

**ОКН2:** Маалыматтык жана инновациялык технологияларды колдонуу менен пациенттин социалдык абалына, жынысына жана жашына карабастан медициналык жардам көрсөтөт.

ОКН2: = ЖК-2: + ЖК-3: + ЖК-4:

| | |
|---|---|
| **ЖК-2:** | Кесиптик ишмердүүлүгүндө инсандык-жарандык мамилелерди сын көз караш менен талдайт жана баа берет, мамлекетүүлүктүн философиясын, жарандык идентүүлүктү, патриоттуулукту, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды өркүндөтүүгө багытталган идеяларды демилгелөөгө жана аткарылышын камсыздоого жөндөмдүү. |
| **ЖК-3:** | Жаңы идеяларды генерациялайт жана  креативдүү  ой жүгүртүү менен тышкы чөйрөдөгү инновацияларга жана күтүүсүз кырдаалдарга ыңгайлаша алат; Долбоорлорду уюштуруу жана ишкердик жүргүзүүдө аналитикалык ойлонот жана сын көз караш менен аракеттене алат. |
| **ЖК-4:** | Санариптик медиа тексттерди, инфографикаларды, негизги математикалык, инженердик, илимий принциптерди колдоно алат, санариптик жана креативдүү экономиканын ар кандай бизнес чөйрөлөрүндөгү жаңы тенденцияларга ыңгайлаша алат; |

**ОКН3:** Реаблитациялык иш чараларды жүргүргүзүүдө, медициналык базалык билимдерди колдоно алат.

ОКН3: = ЖКК-1: + ЖКК-2: + ЖКК-3: + ЖКК-4: + ЖКК-5:

| | |
|---|---|
| **ЖКК-1:** | Кесиптик этиканы жана деонтологияны сактоого жөндөмдүү; |
| **ЖКК-2:** | Өз компетенциясынын чегинде медициналык документтерди, анын ичинде электрондук формада документ жүргүзөт; |
| **ЖКК-3:** | Медициналык-латын терминдерин колдоно алат; |
| **ЖКК-4:** | Дары-дармек терапиясы боюнча врачтын көрсөтмөсүн аткарууга жөндөмдүү; |
| **ЖКК-5:** | Нормалдуу жана патологиялык абалдарда ар кандай курактагы адамдын жашоо активдүүлүгүнүн анатомиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөрүн жана көрсөткүчтөрүн билүүгө жөндөмдүү. |

**ОКН4:** Калкка санитардык агартуу иштерин жүргүзүүдө, саламаттыкты сактоодогу санитардык ишине катышат, коопсуздукту камсыз кылат, бейтаптарга жана алардын жакындарына реабилитация учурунда окутат жана маалымат берет.

ОКН4: = КК-1:+ КК-2: + КК-3: + КК-4: + КК-5:

| | |
|---|---|
| **КК-1:** | Жеке адамдардын, калктын жана жамааттардын ден соолугун сактоо жана чыңдоо боюнча иш-чараларды өткөрүүгө жөндөмдүү; |
| **КК-2:** | Бейтаптар жана кызматкерлер үчүн коопсуз чөйрөнү камсыз кылат; |
| **КК-3:** | Бейтаптарга (кардарга) керектүү физикалык терапия ыкмаларын үйрөтөт, ошондой эле кардарга жардам берүү үчүн атайын жабдууларды кантип туура колдонуу керектиги жөнүндө кам көрүүчүлөргө маалымат берет жана окутат; |
| **КК-4:** | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү баланы багуу боюнча ата-энелерге кеңеш берүү, ага жөнөкөй реабилитациялык/абилитациялык кызматтарды көрсөтүүгө жөндөмдүү; |
| **КК-5:** | Баланын/кардардын моторикасын өнүктүрүү боюнча кеңеш бере алат. |

**ОКН5:** Физиотерапевттин жетекчилиги астында реабилитациялык мекемелерде медайымдык жардамды көрсөтө алат.

ОКН5: = КК-6:+ КК-7: + КК-8: + КК-9: + КК-10:

| | |
|---|---|
| **КК-6:** | Маалымат чогултууга жана бейтаптын абалын баалоого жөндөмдүү; |
| **КК-7:** | Медайымдык диагноз коюуга жөндөмдүү; |
| **КК-8:** | Медайымдык жардамды пландаштырууга жөндөмдүү; |
| **КК-9:** | Шашылыш жана өзгөчө кырдаалдарда медайымдык жардам көрсөтүүгө жөндөмдүү; |
| **КК-10:** | Балдардын жана өспүрүмдөрдүн ден соолугун коргоо үчүн медайымдык жардам көрсөтүүгө жөндөмдүү; |

**ОКН6:** « Медициналык реабилитация» чөйрөсүндө бейтаптарга адистештирилген медициналык жардам көрсөтөт жана жүзөгө ашыра алат.

ОКН6: = КК-11: + КК-12: + КК-13: + КК-14: + КК-15: + КК-16.

| | |
|---|---|
| **КК-11:** | Бейтаптарды жана майыптарды жекече реабилитацилоону пландаштыра алат; |
| **КК-12:** | Оорулар жана абалдар учурунда, анын ичинде майыптарды жекече реабилитациялоо планын ишке ашырууда дарылоо дене тарбиясын колдонууга жөндөмдүү; |
| **КК-13:** | Оорулар жана абалдар учурунда, анын ичинде майыптарды, жекече реабилитациялоо планын ишке ашырууда, санаториялык-курорттук дарылоо жана физиотерапиялык процедураларын жүргүзүүгө жөндөмдүү; |
| **КК-14:** | Оорулар жана абалдар учурунда, анын ичинде майыптарды жекече реабилитациялоо планын ишке ашырууда дарылык укалоо процедураларын жүргүзүүгө жөндөмдүү; |
| **КК-15:** | Өнүгүүсүндө артта калган жана майыптыгы бар балдар жана өспүрүмдөр үчүн өз компетенциясынын чегинде реабилитациялык иш-чараларды жүргүзүүгө жөндөмдүү |

| | |
|---|---|
| **КК-16:** | Жекече реабилитациялоо планынын алкагында ишке ашырылган медициналык реабилитациялык иш-чаралардын натыйжаларына баа бере алат. |